# «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө», «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө», «Борбордун статусу жөнүндө», «Ош шаарынын статусу жөнүндө») өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору боюнча

Бул мыйзам долбоорунун концепциясы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын системасын өркүндөтүүгө багытталган мыйзамдык өзгөртүүлөрдүн, анын ичинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын сапаттык курамын жакшыртуунун, ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнөн мурда токтотуунун тартибин регламенттөөнүн жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын кайталап шайлоо өткөрүүнүн тартибин өркүндөтүүгө багытталган мыйзамдык өзгөртүүлөрдүн комплексин карайт.

**1. Жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын сапаттык курамын жогорулатуу.**

1) . **Жергиликтүү кеңештин депутатынын статусунун айрым кызмат орундары жана иштин түрлөрү менен коошпогондугу** («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренеси**).**

Региондордо шайлоочулар менен жолугушууда жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын билим деңгээли жана квалификциясы, ошондой эле алардын жергиликтүү жамааттын тургундарынын арасында кадыр-баркы жөнүндө маселе көп көтөрүлгөн. Билим берүү жана саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлери салттуу түрдө жергиликтүү жамааттын интеллигенциясын түзөт. Коомдук талкуулардын катышуучулары регионуна карабастан мектептердин директорлоруна, саламаттык сактоо түзүмдөрүнүн жетекчилерине жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоонун жүрүшүндө өздөрүнүн талапкерлигин көрсөтүүгө укук берүүнү сурашкан.

Мыйзам долбоору менен депутаттык ыйгарым укуктарды билим берүүнүн жана саламаттык сактоонун мамлекеттик же муниципалдык мекемесинин жетекчисинин кызмат орду менен айкалыштыруу укугун берүү сунушталат.

**2) Соттуулугу боюнча талап** («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамынын 42,48-беренелери; «Борбордун статусу жөнүндө» КР Мыйзамынын 22-беренеси жана «Ош шаарынын статусу жөнүндө»КР Мыйзамынын 22-беренеси).

Мыйзамдын долбоору менен жасалган кылмыштын оордугуна жана кылмыштын түрүнө жараша мөөнөттү соттуулугу алып салынган же жоюлган күндөн тартып жаранга мэрдин, айыл өкмөтүнүн башчысынын кызмат ордун ээлөөгө тыюу салуу мөөнөттөрүн дифференцациялоо сунушталат.

**3) Мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоо** (Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамынын 42,48-беренелери; «Борбордун статусу жөнүндө» КР Мыйзамынын 22-беренеси жана «Ош шаарынын статусу жөнүндө» КР Мыйзамынын 22-беренеси**).**

Мыйзам долбоору менен Бишкек жана Ош шаарынын мэрине талапкерлердин мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоо тартибин белгилөө сунушталат. Ушуга байланыштуу мамлекеттик тилди билүү деңгээли белгиленген үлгүдөгү сертификат менен тастыкталат, аны тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча мамлекеттик тилди билүү деңгээлин баалоо чөйрөсүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган же мекеме берет. Мындай сертификатты бербөө талапкерди каттоодон баш тартуу үчүн негиз болуп саналат Ушундай эле талаптар айыл өкмөтүнүн башчысына карата белгиленет.

**4) Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын ыйгарым укуктарын талаптагыдай эмес аткаруу үчүн жоопкерчилик (**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамынын 24-беренеси; «Жергиликтүү кеңештин депутатынын статусу жөнүндө» КР Мыйзамынын 3-беренеси).

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын өз ыйгарым укуктарын аткарышына жооптуу мамилесине дем берүү максатында мыйзам долбоору менен жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын жергиликтүү кеңештин сессиясына жүйөөлүү себептерсиз системалык түрдө келбегендиги үчүн жоопкерчилигин белгилөө сунушталат. Алсак, сунушталган өзгөртүүлөргө ылайык жергиликтүү кеңеш бир жылдын ичинде төрт жолу жергиликтүү кеңештин сессиясында жок болгондугу үчүн жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө маселени көтөрө алат. Мында депутаттын жергиликтүү кеңештин сессиясына келбегенде жүйөөлүү себептер деп таанылган учурлар кенен-кесири аныкталган, чечимдерди кабыл алуу тартиби регламенттелген.

**5) Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын башчысын шайлоо тартибин өркүндөтүү** (Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамынын 43, 49-беренелери).

2012-жылдын январынан 2018-жылдын январына чейинки мөөнөттө жергиликтүү кеңештердин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоолор 71 жолу болгон. Алардын ичинен айылдык кеңештерге мөөнөтүнөн мурда шайлоолор 55 жолу, шаардык кеңештерге шайлоолорго 16 жолу болгон. Мында бул шайлоолорду өткөрүүгө чыгымдар 47 500 400 (кырк жети миллион беш жүз миң төрт жүз) сомду түзгөн. **Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамынын 43, 49-беренелерине ылайык Борбордук шайлоо комиссиясы шаардын мэри, айыл өкмөтүнүн башчысы шайланбаган күндөн тартып 3 календарлык күндүн ичинде кайталап шайлоо дайындайт. Мына ошентип, 71 жолу мөөнөтүнөн мурда шайлоолор тийиштүү кеңештин депутаттары тарабынан жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын башчысы шайланбагандыгынын себебинен улам болгон. Бул практика айыл өкмөтүнүн башчысын, шаардын мэрин көрсөтүү жана шайлоо тартиби ченемдик жактан жетиштүү жөнгө салынбагандыгын көрсөтүп турат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын башчыларын шайлоо өткөрүүнү оптималдаштыруу максатында мыйзам долбоору менен айыл өкмөтүнүн башчысынын, шаардын мэрин кайта шайлоолорду дайындоо жана өткөрүү үчүн конкреттүү негиздерди аныктоо** сунушталат. Алсак, белгиленген мөөнөттөрдө бир да талапкер көрсөтүлбөсө/катталбаса же катталган талапкерлер добуш берүүгө катышуудан баш тартса кайта шайлоолор дайындалат. Эгерде кайта шайлоолордо бир да талапкер көрсөтүлбөсө/катталбаса же катталган талапкерлер добуш берүүгө катышуудан баш тартса депутаттар тарабынан талапкерди көрсөтүү жана талапкерди Премьер-министр же райондун мамлекеттик администрациясынын башчысы – аким тарабынан милдеттүү түрдө көрсөтүү менен кайталап шайлоо өткөрүлөт.

**2.3. Жергиликтүү кеңештин депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу тартиби .**

Жергиликтүү кеңештин депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу «Жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 53-беренеси, «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамынын 24-беренеси, «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренеси менен жөнгө салынат .

Жогоруда аталган мыйзамдардын жоболорунун редакциялык мүнөздөгү айырмачылыктары бар, укуктун окшош эле ченемдерин унификациялоо жана бир түргө келтирүү максатында мыйзам долбоору менен Жергиликтүү өз алдынча башкаруу

жөнүндө» КР Мыйзамынын 24-беренесин жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесин бирдей редакцияда баяндоо сунушталат.

Депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу тартиби бөлүгүндө белгилүү-бир мүчүлүштүктөрдүн болушуна байланыштуу депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө маселени аймактык шайлоо комиссиялары тарабынан кароодо тийиштүү арыздын же сунуштун негизинде чечим кабыл алуунун тартиби такталууда.